| Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин Илимий-техникалык кеңешинин 2023-жылдын 4-июлундагы №3 чечими менен жактырылды | | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин директорунун 2023-жылдын 4-июлундагы №160 буйругу менен бекитилди |
|---|---|---|

**“Жылдын мыкты китеби” конкурсу жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул жобо “Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 6-мартындагы № 105 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында ойлоп табуучулук жана чыгармачылык ишке шыктандыруу жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 5-августундагы №111 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги жөнүндө жобого, Кыргызпатенттин 2021-жылдын 30-декабрындагы №304 буйругу менен бекитилген Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду жөнүндө жобого ылайык иштелип чыккан.

Ушул Жобо «Жылдын мыкты китеби» конкурсун (мындан ары – Конкурс) уюштуруунун максаттарын, милдеттерин, тартибин, ошондой эле Конкурска келип түшкөн басылмаларга карата шарттарды, талаптарды жана аларды баалоо критерийлерин аныктайт.

2. Конкурстун уюштуруучусу болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги (Кыргызпатент), Кыргыз Республикасынын Улуттук китеп палатасы, А. Осмонов атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасы саналат.

Катчылык – Кыргызпатенттин алдындагы Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду (мындан ары – ИМ Мамфонду).

3. Конкурска катышуу акысыз жана Конкурстун катчылыгына өтүнмөлөрдү жана басылмаларды берүүнүн негизинде ишке ашырылат.

## 2. Конкурстун максаты жана милдеттери

4. Конкурс басып чыгаруучуларды, инновациялык идеяларды жана тажрыйбаларды колдоо максатында өткөрүлөт; илимий, билим берүү, маданий чөйрөлөрдө китепти жана окууну андан ары жайылтууга жана пропагандалоого көмөктөшүү.

5. Конкурстун милдеттери:

1) өзгөчө басылмаларды аныктоо жана жайылтуу;

2) китептерди басып чыгаруу маданиятын жогорулатуу, мазмунунун сапатын жакшыртуу;

3) көркөм тариздөө жана полиграфиялык аткаруу.

## 3. Конкурстун катышуучулары

6. Конкурска Кыргыз Республикасынын басмаканалары, китепканалары, чыгармачыл союздар, коомдук уюмдар катыша алат.

7. Конкурстун катышуучулары бир нече номинациялар боюнча иштерин бере алышат.

## 4. Конкурсту өткөрүүнүн шарттары

8. Конкурска өткөн жылы басылып чыккан жана документтердин милдеттүү нускасы катары Кыргыз Республикасынын Улуттук китеп палатасына жана А. Осмонов атындагы Улуттук китепканасына келип түшкөн китептер кабыл алынат.

9. Конкурсту уюштуруу жана өткөрүү үчүн ИМ Мамфонду тарабынан конкурстук комиссия бекитилет, ал бир эле учурда жашыруун добуш берүү аркылуу баллдардын суммасы боюнча жеңүүчүлөрдү аныктаган калыстар тобунун милдетин аткарат.

10. “Жылдын мыкты китеби” конкурсунун жеңүүчүлөрү төмөнкү критерийлер боюнча аныкталат:

- тематикалык жана таануучулук багыт;
- актуалдуулук, көркөмдүүлүк жана оригиналдуулук;
- чыгармачыл ойдун жаңычылдыгы;
- полиграфиялык аткаруунун деңгээли;
- басып чыгаруу стандарттарына шайкеш келиши;
- окурман коомчулугунун кызыгуусу.

Конкурстук номинациялар:

1) “Жылдын прозасы” – ата мекендик авторлордун мыкты романдары, повесттери, аңгемелер жыйнактары, новеллалары, эсселери, ошондой эле оригиналдуу басылмалары жана басма сериялары;

2) “Жылдын поэзиясы” - ата мекендик авторлордун мыкты поэзиялык жыйнактары, ошондой эле оригиналдуу басылмалары жана басма сериялары;

3) “XXI кылымдын балдарына” - ата мекендик авторлор тарабынан жазылган балдар үчүн китептер;

4) “Жылдын мыкты басмасы”.

Ошондой эле 4 номинация боюнча жеңүүчүлөрдүн арасынан жылдын окуясына айланган өзгөчө басылма аныкталат.

Конкурстун Катчылыгы кошумча номинацияларды белгилөөгө укуктуу.

## 5. Конкурсту өткөрүүнүн тартиби

11. Конкурс ушул Жобого кол коюлган жана кабыл алынган күндөн тартып өткөрүлөт.

Конкурстун жыйынтыгы протокол менен таризделет, ага Конкурстун Калыстар тобунун төрагасы кол коет.

12. Конкурска берилген китептерди баалоо үчүн Конкурстун калыстар тобу түзүлөт, анын курамына маданияттын жана искусствонун ар түрдүү тармактарынын адистери, басма ишинин адистери кирет. Номинациялар боюнча басылмаларды кароо жана баалоо калыстар тобунун ар бир мүчөсү тарабынан бири-биринен көз карандысыз жүзөгө ашырылат. Баалоонун жыйынтыгы Катчылыкка берилет, анын негизинде Конкурстун Калыстар тобу жыйынтыгын чыгарат жана номинациялар боюнча жеңүүчүлөрдү аныктайт.

13. Калыстар тобу ар бир номинация боюнча бирден көп эмес басылманын сыйлыкка талапкерлигинин тизмесин аныктайт. Калыстар тобунун төрагасы отурумда иштин жыйынтыгын жана ар бир басылманын алган баллын жарыялайт.

14. Конкурстук иштер, Конкурстун калыстар тобунун курамы, Конкурстун жыйынтыгы жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо жөнүндө маалыматтар Кыргызпатенттин, ИМ Мамфондунун, Кыргыз Республикасынын Улуттук китеп палатасынын жана А. Осмонов атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасынын сайттарында жарыяланат.

15. Көрсөтүлгөн мөөнөттө берилбеген документтер жана материалдар, басылмалардын үлгүлөрү каралбайт.

16. Конкурска берилген басылмалар кайтарылбайт.

17. Конкурска катышкан басылмалар китеп жарманкесинде көргөзмөгө коюлат.

18. Эгерде иштер ушул Жобонун талаптарына жооп бербесе, Калыстар тобу себептерин негиздебестен иштерди Конкурска кабыл алуудан баш тартууга укуктуу.

## 6. Катышуунун шарттары

19. Конкурска катышуу үчүн ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык өтүнмөнүн формасы толтурулат.

Өтүнмөгө төмөнкү документтер жана материалдар тиркелет:

1) китеп үч нускада;

2) басмаканалардын, ишканалардын, коомдук жана башка уюмдардын жана мекемелердин бул басылманы Конкурска көрсөтүү жөнүндө чечими;

3) басма сөздө жарыяланган рецензиялар жана башка материалдар, ал эми алар жок болгон учурда – басылманын негизги артыкчылыктарын ачып берүүчү ички рецензия-сунуш.

Көрсөтүлгөн материалдар менен бир эле убакта автор, түзүүчү, сүрөтчү жана басылманын өзү жөнүндө кыскача маалымат берилет, анда төмөнкүлөр көрсөтүлүшү керек:

1) басылманын аталышы, басмаканасы, чыккан жылы, нускасы;

2) автордун толук аты-жөнү (авторлор жамаатынын мүчөлөрү, түзүүчү ж.б.), иштеген жери, кызмат орду, дареги, e-mail электрондук почтасы жана телефон номери;

3) басылманы Конкурска сунуш кылган ишкананын, уюмдун, мекеменин толук жана так аталышы.

Басма ар кандай номинациядагы басылмаларды каалаган санда көрсөтө алат.

Конкурска өтүнмө каттоо формасына ылайык электрондук формада толтурулат.

20. Конкурстун уюштуруучулары авторлордун жеке укуктарын эске алуу менен Конкурска сунушталган чыгармачылык иштерди коммерциялык эмес максаттарда пайдаланууга укуктуу.

## 7. Сыйлоо

21. Конкурстун жеңүүчүлөрү Калыстар тобунун мүчөлөрү тарабынан аныкталат жана Кыргызпатенттин дипломдору жана баалуу сыйлыктары менен сыйланышат.

*1-тиркеме*

**“Жылдын мыкты китеби” конкурсуна**
**катышуу үчүн өтүнмөнүн формасы**

| | |
|---|---|
| Номинация | |
| Өтүнмө ээсинин аты-жөнү, туулган датасы | |
| Басылманын кыскача библиографиялык сыпаттамасы | |
| Автор (лор) / түзүүчү (лөр)<br>Авторлор/түзүүчүлөр жамаатынын бардык мүчөлөрүнүн аты-жөнү | |
| Басылманын аталышы | |
| Басылманын түрү / жанры | |
| Сүрөтчү / дизайнер / фотографы бар болсо, аты-жөнү | |
| Уюштуруу-укуктук формасын көрсөтүү менен басмакананын /чыгаруучу уюмдун аталышы | |
| Типография | |
| Нускасы | |
| Басылманын басып чыгарылган датасы | |
| Китепти басып чыгарууну даярдоого же аны чыгарууга жардам берген уюмдар | |
| Басылмага аннотация | |
| Байланыш телефону (моб.)<br>Өтүнмө ээсинин e-mail почтасы | |

Мен ушуну менен Конкурсту өткөрүү максатында жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого, колдонууга, иштеп чыгууга жана жайылтууга макулдугумду берем, документтер топтомундагы берилген маалыматтардын аныктыгын ырастайм, ошондой эле ушул Жобонун шарттарына макулмун.

Өтүнмө ээсинин аты-жөнү (толугу менен):_______________________________
_____________________________________________________________

Колу: ____________________

Датасы:_______________